**А. Ажыбаевдин "Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденциялары" деген 10.01.01. Кыргыз адабияты адистиги боюнча жазылган кандидаттык диссертациясына**

**Жетекчинин пикири**

Теманын актуалдуулугу - эпистолярдык форманын көркөм адабиятта чагылышын кыргыз адабиятынын мисалында алгачкы жолу изилдеп жаткандыгында. Албетте, дүйнөлүк жана орус адабиятында теориялык жактан анализдеген бир топ терең жана кенен изилдөөлөр бар. Кат формасы Пушкиндин, "Евгений Онегин" романында Татьянанын Онегинге жазган каты, Тургеневдин аңгемелеринде кездешет.

Кыргыз фольклорунда, акындар поэзиясында жана профессионалдык адабиятында да кеңири колдонулганын байкоого болот. Бирок, кыргыз адабият таануусуна келгенде айрым гана изилдөөлөрдө үстүртөдөн иликтенип келгени чындык. Академик О.Ибраимов "История кыргызской лираретуры XX века" (2021) аттуу монографиясында согуш мезгилиндеги каттарга кеңири токтолуп, "Письмо-послание" как самый ведущий жанр поэзии военных лет" деп атайы тема койгон (165-б). Ал эми эпистолярдык форманы фольклордон, "Манас" эпосунан, кенже эпостор менен поэмалардан тартып сиситемалуу, логикалык жактан байланышта изилдөө А.Ажыбаевдин негизги максаты жана милдети болуп саналат. Ошону менен бирге диссертант профессионалдык поэзия менен прозанын үлгүлөрүнө кайрылып, эпистолярдык форманын ар түрдүү функциясын ачып берет. Алсак, каармандарда, сюжетте, композициялык курулуштарда колдонулуп, чыгарманын көркөмдүгүн арттырат. Бул эпистолярдык форманы колдонууда акындардын же жазуучулардын өзгөчөлүктөрү көрүнөт.

Диссертант А.Ажыбаев өтө кеңири мисалдар менен таанышып чыккан жана өз ойлорун ачык-айкын илимий негизде билдире алат. Анын полемикалык жаңы байкоолору ишенимдүү, ынанымдуу.

Диссертант А.Ажыбаев кыргыз адабиятындагы (поэзия, проза) эпистолярдык форманын алгачкы булактарынан тартып, бүгүнкү мезгилге чейинки өнүгүү тенденцияларын ачып берип, илимий иштин максатына жеткен.

Жалпысынан алганда, А.Ажыбаевдин "Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденциялары" деген эмгегин 10.01.01. Кыргыз адабияты адистиги боюнча жактоого сунуш кылам жана илимий иш кандидаттык диссертацияга коюлуучу Жогорку аттестациялык комиссиясынын жобосуна туура келет.

**Академик А. Акматалиев.**

05.03.2024